# ЖАЙЛООДО



THE CHRISTENSEN FUND

АГА ХАН ФОНДУ

# ЖАЙЛООДО

*Бул китепте балдардын өз колу менен жазылган чыгармалар жарыкка чыкты. Бул иш-аракет жаш жеткинчектердин чыгармачылыкка болгон шыгын өстүрүүгө оболго болот деп ишенебиз.*

49014-45
НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № б-н

Бишкек 2016





# КЕЛ НООРУЗУМ

Кылымдардан кылым айланган,
Майрамдардан улуу бул майрам.
Жарык маанай күлкү тартуулап,
Нооруз дагы келди кайрадан.

Кел ноорузум келе бер
Бүт ааламды шаңга белеп,
Тынчтык бакыт ырыскы,
Пендесине берчи дүйненүн.

Жаңы кылым күүсү жаңырат,
Күн нуруңдай бейкут чачырап.
Өмүр багын чачып туш тушка,
Ооз тийгин деп баардык адамзат.

*Замир Сарыбаев,*
*Алай району.*



## ЫР ЖАЙЛООНУН ТӨРҮ

Мындан ары Кочкор бакты жайлоосу,
Салкын төрү, кош жылгасы тоолору,
Кандай сонун тунук суусу, гүлдөрү.
Анан да бар көмүр көнге жолдору.

*Уланбек кызы Мээрим, 5-класс,*
*Чак айылы, Чоң Алай р-ну.*


## АЛАЙ


Асман тиреп көрилишкен арча мөнен карагай,
Аралашма абасы жок жанга жайлуу биздин жөр.
Аяй бөрөм жерде жаткан ар бир ташын,турпагын,
Алмаштыргыс мелтүр булак, шаркыраган сууларын.

Үрүл-баран үшүп турсам төшөктөн,
Ичиркенип качып турсам нөшөрдөн.
Алтын нурун чачыратып күн чыгат,
Биздин жер сезимиңди туюп турат.

Жыт аңкытып буркурайт го гүлү мөнөн гүлзары,
Жоосун алган көздөрдүн көркөм болот биздин жер.
Көз тайгылтып суктандырат калаа менен айылы,
Керкөмдүгүн айтып бүткүс кайталангыс биздин жөр.

Эркиндиктин желбиретип желегин,
Элжиретээр жайлоосу бар биздин жөр.
Душмандары өтө албастан калтырап,
Дубалдары Ала-Тоодон биздин жер.





Каада-салтты урматтаарын билемин,
Кыргыз элим,кыргыз жерим мекеним.
Мекениме таазим кылып келемин.
Мейман достук бүт дүйнөнү таң калткан,
Каада-салтты урматтаарын билемин.

Тогуз коргоол ак сакалдар ойносо,
Чоң энелер чач ергенүн койбосо.
Канчалаган улуттардын ичинен,
Каада-салтты урматтаган эл экен.

Кыз куумайы,чүкө атмайы таң калткан,
Канча улутту суктандырып тамшанткан.
Каада салты канча кылым карытты,
Ата-бабам мурас кылып калтырган.

*Кадырбаева Каныкей, 12 жаш,*
*Сай айылы, Кара-Кулжа р-ну.*



Кек пияз жесең ар дайым
Керегөч болот кездерүң,
Кеп оору сендөн жок болот.
Сарымсак жесөң ачуусу ай,
А бирок, ар кандай оору жолобойт.

Сабизди жеген ырахат,
Келбеттүү боюң тез өсөт.
Алманы жесең ар дайым,
Акылың сенин мол болот.

Карагат жесең кыпкызыл,
Анемия болбойсуң.
Ышкынды жесең кычкылын,
Витамин сенде кеп болот.


Машыгып дайым спорт менен,
Чептердүн сырын билели.
Ден - соолукта ар дайым,
Айлана чейренү коргойлу.


Эшөн чайды чай кылсаң,
Сууктан кирген жөтөлдү.
Айдап чыгып заматта,
Өпкөгө болот жан сакчы.

Ач карын жесең шабдалы,
Ар кандай дартка дары дөйт.
Абайлап дайым таза жүр,
Ден - соолук деген чоң байлык.

*Зыяда, Алай району, Гүлчө айылы.*







# ЖАЙЛОО КЕЧИ

Элөс албас нөрселер эске түшет,
Тып-тып этип көзүмдөн ыйык тамчы,
Өмүрүнө ширелген данакөрдей,
Өзгече го туулган жер ырахаты.

Кулагымда малдардын маараганы,
Жылдыз тарай келиндер түндүк серпип,
Желелердө кулундар чыйрыгышып,
Ыш жыттанган бал кымыз сабаа
чертип.

Коломтодо буралып күмүш түтүн,
Арча жыты езгечө буркураган.
Колотунда кашкайып тунук суусу,
Жомок кылып өмүрдү шыңгыраган.

Тебедө күнге жуунуп бийик асман,
Жылганын гүл чубуруп салаасынан.
Кулундун  кашкасындай бадыраят,
Бой созуп тер аскасы меңгү баскан.

Күндүн алтын жебеси жошулгансыйт,
Гүл ширеси уюган мүрек болуп.
Дайрага дайра келип кошулгансыйт,
Селкинчектей зуу-зуулап чүрек болуп.

*Женишбек кызы Айназик, 8-класс, Алай району.*



Бийик-бийик тоолор бар
*Андан ашкан зоолор бар*
Арасында алардын
Шар-шар аккан суулар бар.

Таза аба, таза суу
Жагат мага абасы
Кубанабыз көргөндө
Биздин айыл кымбаты.

Байчечекей жайнаган,
Мөлтүр суулар шар аккан,
Биздин айыл сулуусу
Жаратылыш жараткан.







